КР Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин Ойлоп табуучулар кеңешинин президиуму менен 2022-жылдын 26-январында макулдашылган

КР Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин Коллегиясынын 2022-жылдын 26-январында №2 токтому менен бекитилген

# Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин Ойлоп табуучулар кеңеши жөнүндө ЖОБО

## I. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин Ойлоп табуучулар кеңеши жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 5-августундагы №111 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Кыргызпатент) жөнүндө жобого ылайык иштелип чыккан.

Кыргызпатенттин Ойлоп табуучулар кеңеши (мындан ары – Кеңеш) ойлоп табуучуларга жана рационализаторлорго алардын укуктарын ишке ашырууда көмөк көрсөтүү максаттарында түзүлгөн кеңеш берүүчү орган болуп эсептелет.

Кеңеш өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргызпатент жөнүндө Жобону жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

## II. Кеңештин негизги максаттары

2. Кеңештин ишинин негизги максаттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

– өз укуктарын ишке ашыруу боюнча ойлоп табуучулардын жана рационализаторлордун ишин жигерлендирүү;

– патент мыйзамын өркүндөтүү боюнча ишке ойлоп табуучуларды жана рационализаторлорду тартуу;

– Кыргызпатенттин ишинде Кеңештин мүчөлөрүнүн практикалык сунуштарынын эсепке алуу.

## III. Кеңештин ишин уюштуруу

3. Кеңешке Кыргыз Республикасынын ойлоп табууларынын жана пайдалуу моделдеринин Мамлекеттик реестринде катталган ойлоп табуулардын, пайдалуу моделдердин авторлору мүчө боло алышат.

Кеңештин мүчөлүгүнөн баш тарткан учурда автор Президиумдун төрагасынын атына эркин формада арыз берет.

Чет элдик жарандар Кеңештин мүчөсү боло алышпайт.

4. Кыргызпатенттин жетекчиси Кеңештин төрагасы (мындан ары – Төрага) болуп эсептелет, ал Кеңештин ишин уюштурат жана жетектейт.

5. Актуалдуу маселелерди талкуулоо жана ал боюнча чечим кабыл алуунун зарылдыгына жараша Кеңеш чакырылат.

6. Кеңешти даярдоо жана өткөрүү жөнүндө маалыматты Кыргызпатенттин расмий сайтына жана массалык маалымат каражаттарына жарыялоо жолу менен авторлорго билдирилет.

Кеңештин иши үчүн зарыл болгон документтер (таратуучу материалдар) Кеңештин чогулушун өткөрүү күнүнө 5 (беш) жумушчу күнү калганга чейин кечиктирбестен, Кыргызпатенттин сайтына жарыяланат.

7. Кеңештин чечимдери ачык добуш берүү аркылуу, катышуучулардын жалпы санынын жөнөкөй көпчүлүк добуш берүүсү менен кабыл алынат. Кеңештин ар бир мүчөсү бир добушка ээ. Добуштардын саны тең чыккан учурда Кеңештин Төрагасынын добушу чечүүчү болуп эсептелет.

8. Кеңештин отурумундарынын ортосундагы кезектеги маселелерди чечүү Кеңештин Президиумуна жөнөтүлөт.

## IV. Кеңештин Президиумунун ишин уюштуруу

9. Кеңештин Президиуму (мындан ары – Президиум) Жобонун 3-пунктунда белгиленгендей, авторлордун ишмердүүлүгүн ишке ашыруу маселелери боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн кеңеш берүүчү орган болуп эсептелет.

10. Президиумдун отуруму зарылдыгына жараша, бирок жылына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Президиумдун отуруму, эгерде ага анын мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышса укуктуу болот.

11. Кеңештин жана Президиумдун чечими сунуштоочу мүнөздү алып жүрөт.

12. Президиумду жетектөөнү Төрага ишке ашырат.

13. Президиумдун персоналдык курамы 17 адамдан кем эмес болуп, Төрага тарабынан бекитилет.

Президиумдун курамына жакын туугандары, ошондой эле белгиленген мыйзамда белгиленген тартипте соттуулугу жоюлбаган же алып салынбаган жарандар шайлана албайт.

14. Төраганын эки орун басары болот, алардын бири Кыргызпатенттин жетекчисинин биринчи орун басары болуп эсептелет. Экинчи орун басар

Президиумдун мүчөлөрүнүн ичинен Президиумдун макулдугу менен Төрага тарабынан бекитилет.

15. Төрага:

– Президиумдун жана Кеңештин бүтүндөй ишин жалпы жетектөөнү ишке ашырат;

– башка уюмдар менен өз-ара мамиледе Кеңеш менен Президиумдун ишин көрсөтөт;

– Кеңеш менен Президиумдун отурумунда карала турган маселелерге даярдыкты жетектейт;

– Кеңеш менен Президиумдун отурумунун күн тартибин бекитет;

– Кеңеш менен Президиумдун чечимин бекитет;

– Кеңеш менен Президиумдун ишине байланыштуу жана башка маселелерди чечет.

16. Президиумдун чечими протокол менен толтурулуп, ага Төрага менен Президиумдун катчысы кол коёт. Президиум ишин коомдук башталышта алып барат.

## V. Президиумдун иш-милдеттери жана укуктары

17. Президиумдун негизги иш-милдеттери болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

– Кыргыз Республикасында жана чет өлкөлөрдө патенттик мыйзамдарды колдонуу практикасын изилдөө жана жалпылоо;

– Кыргыз Республикасынын патенттик мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;

– илимдин жана техниканын артыкчылыктуу багыттары жөнүндө маалыматтарды чогултуунун жана жайылтуунун механизмин өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштарды киргизүү;

– В. И. Блинников атындагы Алтын медалды жана ИМБДУнун Алтын медалын жана/же сыйлыктарын, “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу” ардак наамын ыйгарууга талапкерлерди сунуштоолор жөнүндө чечимдерди Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык ишке ашыруу;

– Ушул Жободо караштырылган Кеңештин максаттарына ылайык башка иштерди ишке ашыруу.

18. Президиум төмөндөгүлөргө укуктуу:

– өз иш-милдеттерин ишке ашыруу үчүн кызыкдар тараптардан зарыл болгон маалыматтарды суроого;

– Жобонун 17-пунктунда караштырылган маселелер боюнча сунуштарды жазуу жүзүндө киргизүүгө;

– патенттик укук, ойлоп табуучулук жана инновациялык ишмердүүлүк маселелери боюнча жумушчу топторго катышууга.

## VI. Катчылыктын ишин уюштуруу

19. Кеңештин жана Президиумдун катчылыгынын (мындан ары – Катчылык) иш-милдеттери Кыргызпатенттин алдындагы Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондуна жүктөлөт.

20. Катчылык төмөндөгү иш-милдеттерди ишке ашырат:

– Кеңештин жана Президиумдун отурумунун ишин уюштуруу жана материалдык-техникалык камсыздоо;

– Кеңештин жана Президиумдун отурумуна материалдарды даярдоо;

– иш процессинде келип чыккан маселелерди чечүү үчүн зарылдыгына жараша көз карандысыз эксперттер менен адистерди тартуу;

– материалдарда камтылган маалыматтардын купуялуулугун камсыздоо;

– Кеңеш менен Президиумдун отурумунун протоколун жүргүзүү;

– Президиумдун курамынан Президиумдун мүчөлөрү чыгып кеткен учурда талапкерлерди Төрагага сунуштоо;

– Кеңеш менен Президиумдун ишине байланышкан башка иш-милдеттерди аткаруу.

21. Президиумдун мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары төмөндөгүдөй учурда мөөнөтүнөн мурда токтотулат:

– көз жумганда;

– жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде;

– Президиумдун отурумуна дайыма катышпаса (катары менен 3төн көп болсо);

– ИМБДУ жана ЕАПУнун сыйлыктарына, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу” ардак наамына талапкерлиги көрсөтүлсө.

## VII. Корутунду жобо

22. Ушул Жобого өзгөртүү киргизүү Президиумдун макулдугу боюнча ишке ашырылат жана Кыргызпатенттин коллегиясынын токтому менен бекитилет.

23. Кеңештин ишмердигин токтотуу жөнүндө маселени чечүү Кыргызпатенттин коллегиясынын компетенциясына кирет.

/Документтин аягы/